УДК 338.012

Саматова Г.Ж.
*Кыргыз-Түрк Манас Университети, Бишкек ш.*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КООМДУК ТАМАКТАНУУ ИШКАНАЛАРЫНЫН ӨНҮГҮҮ ЭТАПТАРЫ ЖАНА ИШТӨӨ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Коомдук тамактануу ишканаларынын өнүгүү этаптарында пайда болгон жагдайларга жараша тармактын түзүлүшү жана өнүгүүсү бир канча өзгөрүүлөр менен коштолот. Жүргүзүлгөн анализдин негизинде коомдук тамактануу секторундагы өнүгүү этаптарын бир канча этаптарга бөлүп кароого болот.*

*Reviewing the history of catering, we can say that this industry has undergone multiple changes in the formation and development. The analysis of the evolution of catering in Kyrgyzstan allowed conditionally highlight the main stages in the development and establishment of catering.*

Илгертеден бери адам баласы туруктуу жашаган жеринен башка түрдүү жерлерди көрүү жана сейилдөө, отурукташуу максатында саякаттарга чыккан. Саякаттардын максаты түрдүү болуу менен түнөө жана тамак- аш сыяктуу керектөөлөрүн камсыз кылышкан. Саякаттардын көбөйүүсү жана саякат маданиятынын пайда болуусу менен бирге тамак- аш көйгөйлөрүн чечүү максатында түрдүү конок тосуу жана тамактануу ишканалары курула баштаган.

**Советтер союзу мезгилиндеги** коомдук тамактануу ишканаларынын негизги максаты регионалдык материалдык-техникалык базаны түзүү, башкача айтканда калкты азык-түлүк менен камсыздоо менен коммунисттик бөлүштүрүү принцибин уюштуруу иш- чаралары болгон.

Тарых барактарын карай турган болсок, 1917–жылы 8-ноябрда (27-октябрда) В.И.Ленининдин мыйзамында (декрет) коомго кызмат көрсөткөн ашканалардын уюштурулушу айтылат. Андыктан 1920-жылы мамлекетибизде эң алгачкы коомдук тамактануу жайлары пайда боло баштаган. Колхоз жана совхоз эмгекчилерине ысык тамактанууну уюштуруу менен Кыргызстандын аймагында керектөөчүлөрдүн кооперациясы иш- аракетеринин башталышы болгон [1].

Коомдук тамактануу мааниси жөнүндө В.И.Ленин төмөнкүдөй деп жазган: «Өндүрүүдө адам эмгегинин экономиясы, керектөөчүлөр үчүн щарттар, продукцияларды сактоо, аялдарды үй-тиричилигинен бошотуу, ишканалардын санитардык абалын жакшыртуу маселелери ийгиликтүү коммунисттик иш аракеттердин натыйжасында жасалып, коомго жана эмгекчилерге жайылат» деп айтылган [2].

Улуу Октябрь революциясынын алгачкы күндөрү кабыл алынган "шаардык башкармачылыктардын азык-түлүк иш-чараларында укуктарын кеңейтүү," декретинде шаардык башкармачылыктар коомдук тамактануу жерлерин уюштуруу жана коомдук ашканаларда ысык тамактар менен камсыз кылуу, ошондой эле даярдалган тамактарды жеткирүү иш- чаралары жөнүндө белгиленген. Бул декретте биринчи жолу «коомдук ашкана» жана «коомдук тамактануу» терминдери пайда болгон.

1921-жылдын статистикалык маалыматтарга ылайык, коомдук ашканаларда 8 миллиондон ашуун адам бекер тамактанып, мамлекет тарабынан керектүү азык-түлүктөр толугу менен камсыздырылгандыгы белгиленген.

Ошол убактагы тамактануу менен эмгек өндүрүмдүүлүгү ортосунда тыгыз катнаш болуусун академик С.Г. Струмилина жана академик А. Кочерга айтышкан. Академик С.Г. Струмилинанын 1913/1914-1919/1920-жж. аныктоосу боюнча, күнүмдүк каллорияны 35% га азайтууда жылдык ишке жарамдуулук 77% га пайызга, жылдык өндүрүү 78,4% га төмөндөгөн [3].

Ал эми академик А.Кочерга тамактануу жана өндүрүмдүүлүктүн түшкү тамактануу менен байланышын төмөнкүдөй деп берген: "Кызматкердин эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн көрсөткүчү түшкү тамактанбаган 23% га, ал эми түшкү тамактанган кишини 26,2% га жогору болгон [4].

1931-жылы 19-августта "Коомдук тамактануу тармагынын жакшыртуу, даярдалып жаткан тамактардын түрлөрүн көбөйтүү, санитардык абалын жана жумушчулардын жумуш шарттарын жакшыртуу чечими алынган" [5].

1932- 1940 жылдар аралыгында жалпы республика боюнча коомдук тамактануу ишканаларынын саны 426 бирдиктен (1932-ж.) 544 бирдикке (1940-ж.) жогорулап, анын ичинен коомдук кооперацияларга кирген коомдук тамактануу ишканаларынын саны 134 бирдикти түзгөн, ал эми республиканын айланма динамикасы 1940-жылы 3,3 млн.рублды түзгөн.

Коомдук тамактануу ишканаларынын материалдык- техникалык базасынын өнүгүсү **Улуу Ата-Мекендик согуш убагында** байкалган. 1940- жылдагы коомдук тамактануу субъектилеринин саны 134 бирдик болсо, ал эми 1945- жылы 150 бирдикке көбөйгөн. Башкача айтканда, 1940-жылы товар айлануу 3,3 млн.руб. же 112% түзгөн болсо, 1945-жылы товар айлануу 5,4 млн.руб. же 163% жогорулаган. Бул башка Борбордук Азия өлкөлөрүнө кирген эң жогорку көрсөткүчтөрдүн бири болгон. Мисалы, Ёзбек ССР товар айлануусу 109,3%, Тажик ССР товар айлануусу 100%, Түркмён ССР товар айлануусу 104,5%, жалпы СССР боюнча товар айлануу 97,2% түзгөн [6].

**Согуштан кийин** коомдук тамактануу тармагы өнүгүү менен, тамак- аш жана калкка кызмат көрсөтүү сапаты жогорулаган. 1957- жылы Кыргызстандагы керектөө кооперациясы коомдук тамактануу субъектилери ашкана, чайкана жана шам-шум ишканаларынын санын көбөйткөн. Ысык-Көл, Фрунзе жана Ош областтарында дагы жаңы 19 ашкана ачылган.

Ал эми Кара-Балта шекер заводундагы ашкана, Калинин чайканасы жана Ысык-Көл райондук керектөөсоюзундагы ашканалар жергиликтүү калк ичинде мааниси өтө чоң болгон. Калинин районундагы чайкана иштөө циклин уюштуруу боюнча толугу менен жабдылган ишканаларындын тизмесине кирген. Бул ишканада жашылча-жемиштерди сактоо базасы, муздаткыч жабдыктары жана керектелүүчү азыктардын запасын сактоо боюнча кампалар уюштурулган. Жогорудагы жагдайлардын негизинде түзүлгөн ишканалардын рентабелдүүлүк көрсөткүчү 30 миң руб. түзгөндүгү жазылган.

Кыргызстан Советтер Союзу мезгилинде тамак- аш өнөр жайы жана тамак- аш уюштуруу кызматттары боюнча алдыңкы орундарды ээлегенин, 1958-1972 жылдагы коомдук тамактануу ишканаларынын экономикалык көрсөткүчтөрүн төмөндөгү 1-таблицада көрө алабыз.

*Таблица 1. Кыргыз ССРиндеги керектөө кооперациясынын коомдук тамактануу ишканаларынын товар айланма, жумушчулардын саны жана эмгек өндүрүмдүүлүгү.*

| **Көрсөткүчтөр** | **1958- ж.** | **1965-ж.** | **1970-ж.** | **1972-ж.** | **1972-ж. % 1958-ж.** |
|---|---|---|---|---|---|
| Коомдук тамактануу товар айланмасы (млн.руб) | 20,6 | 30,8 | 38,2 | 45,2 | 218,4 |
| Тамак- ашты өндүрүү | 18,6 | 39,9 | 50,9 | 60,9 | 327,4 |
| Орто эсеп менен жумушчулардын саны | 1865 | 3844 | 4832 | 5237 | 280,8 |
| **Бир жумушчу үчүн даяр тамак** | | | | | |
| а) товар айланма (миң руб) | 11,0 | 8,0 | 8,1 | 8,6 | 78,0 |
| б) тамак- ашта (миң) | 9,9 | 10,3 | 10,5 | 11,6 | 117,1 |

Булак: Р.Маматкеримов. Материально-техническая база-основа развития общественного питания. –Фрунзе: Кыргызстан, 1974.

Бул көрсөткүчтөрдүн жогорулашы КЦ КПССтин жана СССР Министрлер советинин 20-февраль 1959-жылдагы токтомуна негизделген. Бул токтомунда «Коомдук тамактануу ишканаларын өнүктүрүү жана жакшыртуу, бул тармактын өнөр-жай рельстерине коюлуусу каралган, ресторан, кафе, ашкана жана шам-шум жайларынын жарым фабрикаттар менен иштөөсүнө багыттылган».

Борборлоштурулган даярдоо пункттары, тамак-ашты рационалдуу колдонуу, ашпозчулардын эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу, өндүрүштүк аянтчаларды туура колдонуу менен кошумча линияларды ачуу жана тамак-аш өндүрүш чыгымдарды азайтууга жол ачкан.

1984-жылы коомдук тамактануу ишканаларынын сапатын жогорулатуу максатында “Вечерний Фрунзе” гезитинде «Заводской сервис» борбордук маалымат рубрикасы ачылган. Ал рубрикада ишканалардын иштөө өзгөчөлүктөрү, өнөр- жай ишканаларындагы кызмат көрсөтүү сапаты жана көйгөйлөрү талкууланган. Гезиттин маалыматтарына карата, он биринчи беш жылдык 3,5 жылдын ичинде завод жана фабрикалардагы коомдук ашканаларда пландалган 912 отургуч орундун саны 2282 отургуч орунга жогорууланганы белгиленген. Ошондой эле № 3 жашылча-жемиш базасында «Кыргызавтомаш» уюмунун, ВЛКСМ атындагы тигүү уюмунун, 8-Март кездеме-фабрикасынын ашканаларынын ачылгандыгы жана өнөр-жай ишканаларындагы коомдук тамактануу менен камсыздоо 57,6%-дан пландаштырылган көрсөткүчтөн 72,3% га жогору болгону жазылган.

Ал эми жыл сайын завод, фабрика, автотранспорт жана курулуш объектилеринде 160 миң кызматкер ашканаларда тамактануусу айтылган. 19 ири өнөр- жай ишканаларында 36 механизмдүү линиялар комплекстүү түшкү тамактануу боюнча «Эффект» бөлүштүрүү системасы жана эсептөө системасын тездетүүгө негизделген «Сурко» системалары эффективдүү иш жүргүзүүсүн баяндаган [7].

Борборлоштурулган башкаруу системасында коомдук тамактануу ишканалары узак мөөнөттүн ичинде мамлекеттин карамагында болуп, социалдык багытта кызмат көрсөтүп келген. 1980- жылдардын аягында көпчүлүк коомдук тамактануу ишканалары чарбалык эсептөө же өздүк баланс менен иштеп баштаган. Бул мезгилде көптөгөн кооперативдик ишканалар ачылган, бирок көпчүлүк бөлүгү мамлекеттик соода уюмдарынын составында болгон. Алар ишканаларга азык-түлүктөрдү, жарым- фабрикаттарды, жабдыктарды, кызматкерлерди ишке даярдоо жана орноштуруу, жумуш сааттарын белгилөө, жаңы технологияларды киргизүү жана жабдыктарды оңдоо боюнча иш жүргүзгөн.

Өлкөнүн экономикалык-социалдык өнүгүүдөгү негизги багыттарынын бири коомдук тамактануу ишканаларына жакшыртуу болгон. Бул багытта коомдук-тамактануу ишканаларын комплекстүү автоматташтырылган системаны киргизүүгө багытталган. Бирок политикалык-экономикалык кайра куруу мезгилинде (1980 жылдын экинчи жарымында) мамлекет тарабынан коомдук тамактануу ишканаларына кайрадан көңүл бурулуусу азайган.

Белгилүү бир мезгилге чейин чоң экономикалык механизмдин бөлүгү болгон постсоветтик мамлекеттер СССРдин таркашынан кийин жаңы экономикалык

проблемалар пайда болгон. Чарбанын бир түрдөгү структурасынан башка түрдөгү структурага өтүү процесси, чарбанын структурасы макро деңгээлде түзүлгөн «пландык-балансталган» бир системадан сунуш-талап тең салмактуулугуна негизделген рыноктук система түрүнө өткөн.

**Рыноктук өзгөрүлөрдүн башталышында** коомдук тамактануу тармагы репрессия стадиясында болгон. Тактап айтканда, 1970-1980 жылдар аралыгында калктын чыгымдарынын коомдук тамактануу ишканаларындагы көрсөткүчү 6-7% болсо, 1990-2000 жылдар аралыгында 2-2,5%-га төмөндөгөн. Бул көптөгөн факторлорго негизделген, ишканалардын менчик формасына өтүүсү, баалардын либерализациясы, калктын жашоо деңгээлинин төмөндөшү болгон.

Кыргызстандын рынок мамилелерине өтүүсү менен экономикалык субъектилерге эркиндик берүү, менчиктин ар кандай түрлөрүнө бирдей укук берүү, конкуренцияга жол берүү, товарлардын бааларынын эркиндигин ачуу, жумуш күчү жана финансы рыногун ачуу негизинде коомдук жашоо - турмуштун жалпы өзгөрүшү, экономикалык системадагы тармактардын жана коомдук тамактануу ишканаларынын формаларынын өзгөрүлүшүнө, менчиктештирүүгө алып келген. [8]

**Кыргыз Республикасында массалык түрдө менчиктештирүү процесси** 1991-жылы мамлекеттик мүлк башкаруу комитети түзүлгөндөн башталган. 1991-1993 жылдар аралыгында мамлекеттик мүлктүн 40% менчиктештирилген. Бул системанын татаал жана жаңы болгондугунан, бир канча нормативдүү-техникалык базанын жана мыйзамдардын толук иштелип чыкпагандыгынан, ийгиликтүү болгон эмес. Бул көрүнүш ири ишканаларды менчиктештирүүдө байкалган. Менчиктештирүүнүн формалары тармактын өзгөчөлүктөрүнө, мисалы курулуш жана транспорт тармагында 79; 72; 87% ы акциялаштыруу, ал эми соода тармагында акционердик уюмдар 12,4% ы, анын ичинен 30,1% ы коллективдик менчик катары, курулуш тармагында жеке менчик 1,8% ы, соода тармагында 14,8%ы менчиктештирилген.

1992-жылы мамлекеттин курамына кирген соода жана коомдук тамактануу ишканаларынан 811 бирдик ишкана менчиктештирүүгө берилген. Ал эми 1993-1994 жылдар аралыгында 1749 бирдик коомдук тамактануу ишканалары менчиктештирилген. Бул убакта менчиктештирилген коомдук тамактануу ишканаларынын иш алып баруусу өтө татаал болгон. Себеби башкаруунун борбордук пландаштырылган системасынан рыноктук экономикада жеке менчикти башкаруу, өнүктүрүү жана натыйжалуу колдонуу маселеси турган. Бул жагдайлардын негизинен коомдук тамактануу ишканалары 1991-жылдагы 9% дан 1995-жылда 3,2%-га товар айлануу көрсөткүчтөрү төмөндөгөн. 1994-1995-жылдары болуп өткөн биринчи менчиктештирүү этабындагы кемчиликтер, эл аралык каржы институттардын кеңештерин эске алуу менен жаңы мыйзамдар кабыл алынган жана купондук менчиктештирүү системасы ишке киргизилген. Бул убакта өндүрүштүк эмес тармакта 78 объект, өнөр жай тармагында 62, ал эми курулуш тармагында 34 объект менчиктештирилген. Ал эми соода жана коомдук тамактануу тармагында менчиктештирүү процесстери төмөндөгү 2-таблицада берилген.

*Таблица 2. Кыргыз Республикасындагы соода жана коомдук тамактануу ишканалары боюнча менчиктештирилген ишканалардын саны (бирдик).*

| Жылдар | Жалпы ишканалар | Соода жана коомдук тамактануу ишканалары |
|---|---|---|
| 1995 | 703 | 50 |
| 1996 | 327 | 87 |
| 1997 | 177 | 15 |
| 1998 | 175 | 11 |
| 1999 | 146 | 4 |
| 2000 | 168 | 9 |
| 2001 | 88 | 8 |
| 2002 | 102 | 5 |
| 1991-2002ж. жалпы ишканалар | 9548 | 2745 |

Булак: К.Абдымаликов. Экономика Кыргызстана (на переходном этапе). - Бишкек, 2007.

Жогорудагы таблицада көрсөтүлүп тургандай, 1990-2002 жылдар аралыгында соода жана коомдук тамактануу тармагында 2745 бирдик ишканалары менчиктештирилген. Ушуга байланыштуу, бул ишканалардын айланма анализин жүргүзүүдө бир канча факторлордун таасири кыйынчылыктарды жараткан. 1991-жылдагы акча реформасы, 1997-жылдагы деноминация, ал эми 2006-жылдагы коомдук тамактануу ишканаларынын учетунун өзгөрүлүшү болгон.

Бул жагдайларга байланыштуу коомдук тамактануу ишканаларынын айланма динамикасы колдонулуп жаткан баада эмес, салыштырма баада анализ жасалган.

Адабияттар:

1. Из истории развития планирования народного хозяйства Киргизии 1917-1971 гг. Сборник документов и материалов. –Фрунзе: Кыргызстан, 1973.
2. Ленин В.И. Полн. собр. соч., т. 39. – С. 25.
3. Струмилин С.Г. Проблемы экомики труда. -М.: Госполитиздат, 1957. – С. 526-531.
4. Кочерга А. Экономические проблемы общественного питания. - М.: Экономика, 1972.
5. Маматкеримов Р. Материально-техническая база-основа развития общественного питания.-Фрунзе: Кыргызстан, 1974.
6. Важный цех предприятия 13.08.1984. //Вечерний Фрунзе.
7. Койчуев Т.К. Экономикалык система. - Б., 2009.
8. Маматкеримов Р. Материально-техническая база - основа развития общественного питания. - Фрунзе: Кыргызстан, 1974.